**Физика-техника факультетинин Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын 2023-2026-жылдарда туруктуу өнүгүү боюнча**
**СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ**

1. ***Илимий изилдөөчүлүк иштер боюнча:***
   - Кафедранын илимий изилдөөчүлүк темасынын алкагындагы иштерди жүргүзүү:
   - «Физиканы окутуу методикасынын проблемалары» аттуу илимий лаборатория түзүү;
   - Кафедрада илимий даражалуу окутуучулардын үлүшүн чоңойтуу;
   - Жергиликтүү жана чет өлкөлүк ЖОЖдор менен илимий байланыштарды түзүү;
   - Кафедра мүчөлөрүнүн: а) сапаттуу илимий макалаларды жазып, жергиликтүү жана Скопус ж. б. абройлуу басылмаларда жарыялоо иштерин, б) илимий долбоорлорго катышуусун, в) массалык илимий иш-чараларга (конференцияларга, симпозиумдарга, семинарларга ж. у. с.) катышуусун активдештирүү;
   - Кафедранын илимий-методикалык семинарынын ишинин сапатын жогорулатуу;
   - Физик магистранттардын жана студенттердин илимий иштерге, анын ичинде стартаптарга активдүү катышуусуна шарттарды түзүү жана колдоо көрсөтүү;
   - Кафедранын алдындагы студенттик илимий ийримдердин ишин күчөтүү.
2. ***Окуу методикалык иштер боюнча:***
   - 550200 ФМББ багытынын физика профили боюнча бакалавриат жана магистратура деңгээлдери үчүн НББПларды жаңы МББСга шайкеш өркүндөтүү;
   - а) 550200 ФМББ багытынын физика профили боюнча бакалавриатта, магистратурада жалпы физика жана физиканы окутуу методикасы боюнча дисциплиналарды окутуу методикасын өркүндөтүү; б) Физикалык эмес адистиктердин студенттерине “физика” предметин окутуу усулун өркүндөтүү;
   - Окутуунун сапатын жакшыртуу, бул максатта: а) окутуучулардын квалификацисын системдүү жогорулатуу; б) ОМКтерди, анын ичинде жумушчу программаларды, силла-бустарды өркүндөтүү; в) сабактарда демонстрацияларды, техникалык каражатгарды жана көрсөтмө куралдарды кеңири пайдалануу; г) окутуунун эффективдүү методдорун (проблемалуу окутууну, компьютердик санариптик технологияларды, интерактивдүү досканы пайдалануу, изилдөөчүлүк методду ж.б.) кеңири колдонууга жетишүү;
   - Студенттердин өз алдынча иштерин эффективдүү уюштуруу;
   - Физика жана физика окутуу методикасы боюнча кыргызча басма жана электрондук окуулуктарды, илимий-популярдык адабияттарды жазуу, жарыкка чыгаруу:
   - Кафедранын: а) мектеп менен байланышын күчөтүү, анын ичинде мектеп физика мугалимдери үчүн билимди жогорулатуу курстарын уюштуруу, б) жамааттын мүчөлөрүнүн мектепте физиканы окутуу маселелерине арналган макалаларынын «Эл агартуу», «Мугалим» журналдарына, «Кутбилим», «Кутбилим-сабак» газеталарына мезгилдүү жарыяланып турушуна жетишүү;
   - Жергиликтүү жана чет өлкөлүк ЖОЖдор менен академиялык мобилдүүлүк боюнча кызматташууну жандандыруу.
3. ***Материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча:***
   - Кафедранын: а) окуу лабораторияларынын эмеректерин толук жаңылатуу; б) окуу лабораторияларынын, препаратордук каанасынын жаңы заманбап приборлор жана башка керектүү заманбап окутуу каражаттары менен жабдылышына жетишүү;
   - Кафедранын окуу лабораторияларынын заманбап «акылдуу» смарт-доскалар менен жабдылышына жетишүү;
   - «Физиканы окутуу методикасынын проблемалары» аттуу илимий лаборатория жайгашуучу кааннаны аныктоо жана анын заманбап жабдыктар менен жабдылышына жетишүү.

Кафедра башчысы, доцент: Жуманова М. М.